**Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын «Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы» аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине биринчи расмий оппонент – филология илимдеринин доктору, доцент Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековнанын**

## ПИКИРИ

**Диссертациялык кеңеште корголо турган докторлук иштин адистикке тиешелүүлүгү.** Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын «Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы» аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши кыргыз тили илими жаатындагы актуалдуу маселеге арналган эмгек экендигин белгилөө менен, ишти талдоону квалиметрикалык баалоо параметрлери аркылуу төмөндөгүдөй тиртипте жүргүзгөндүгүбүздү белгилемекчибиз:

**1.Докторлук диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз тил илиминде көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы тууралуу изилдөө илимий-теориялык негизде талдоого алына элек. Тилдик системанын эң жогорку деңгээли катары текстти таануу – лингвисттерди белгилүү тексттин өзөгүндө эмне жатат, кандай түзүлүштүн негизинде жаралат, кандай эрежени сактайт деген суроону чечүүгө багыттоодо. Өз алдынча сапатка ээ болгон тил илиминин бир бөлүгү катары тексттик лингвистиканын калыптануусу азыркы лингвистикалык илимдин бардык өнүгүү процессин өзүнө камтыйт.

Текстке эң татаал кубулуш катары мамиле жасоодо тилдин ар түрдүү деңгээлдеринин карым-катышта болуусун эске алуу менен анын күчөтүлгөн функционалдык аспектисин стимулдаштыруу керектиги байкалды. Категориялык-тексттик стилистикада текстти бүтүн жыйынды катары моделдөөдө, категорияларды аныктоо маселеси өтө курч туруудa. Ошондой эле коммуникацияга кызыгуунун өнүгүшү менен текстке лингвистикалык анализ жүргүзүүдө башка илимдер: психология, социология, философия, коммуникациянын теориясы, физика, информатика ж.б. менен бирдиктүү иш алып баруу зарылдыгы жаралды.

Изденүүчү Н.А.Бийгелдиева диссертациялык ишинде акыркы жылдарда изилденип жаткан көркөм тексттин өзгөчөлүктөрүн жана аны уюштурууга катышкан ретроспекция жана проспекция категорияларын жаңы көз караште изилдөөгө алган. Тактап айтканда, талдоого алынган

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 10-24-25
«14» 03 2025 ж.г.

ретроспекция жана проспекция категориясынын маңызында мейкиндик-убакыттык ченемдер жатат жана көркөм текст татаал синтаксистик бүтүндүк катары таанылат, тексттик категория түшүнүгү тексттин жеке өзүнө таандык касиетинин жана ченеминин өңүтүндө каралат, автор менен окурмандын көркөм баарлашуу иш-аракети эсепке алынат.

Демек, көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясын теориялык жана практикалык жактан изилдөөгө алган бул диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу төмөндөгүдөй жаңы далилдерге негизделген:

- көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын кыргыз тил илиминде атайын изилдөөнүн обьектиси болбогондугу;
- кыргыз тилиндеги көркөм материалдын мисалында текст түзүүчү категориялардын (ретроспекция жана проспекциянын) категориялык укугунун ачылып берилбегендиги жана алардын өзгөчө стилистикалык-функционалдык мамиледе көркөм стилдин экстралингвистикалык негизинде пайда болгону талдоого алынбагандыгы;
- кыргыз тил илиминде көркөм текст эмпирикалык мүнөздөгү материалдан лингвистикалык изилдөөнүн так предметине айланып, мурда анын материалынын тили изилденип келген болсо, эми тексттин өзү предмет катары ар тараптан башка илимдер менен бирдикте анализге алынбагандыгы;
- көркөм баарлашууда диалогдуулук мамилени ишке ашырган көрүнүш катары кабыл алууну жана түшүнүүнү тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын бар болушу аныктарын илимий негизде аныкталбагандыгы.

Конкреттүү түрдө көрсөткөн бул өңүттөр теманын актуалдуулугун шарттап турат.

**2. Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы.**

Кыргыз тил илиминде көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы бүгүнкү күнгө чейин изилдөөнүн обьектиси катары иликтене элек.

Изденүүчү Нуржан Бийгелдиева өзүнүн диссертациялык ишинде текст түзүүчү категорияларды аныктоодо, бир жагынан, кыргыз тил илиминде биринчилерден болуп, текст түзүүчү категорияларды (ретроспекция жана проспекция) функционалдык-коммуникативдик жактан изилдөөгө алса, экинчи жагынан, функционалдык стилистиканы семиотика, психология, логика, кеп ишмердүүлүгүнүн теориясы жана башка көптөгөн илимдин тармактары менен айкалыштырып караган. Ошондой эле, тилдик каражаттарды тилдин кыймылсыз, өзгөрүүсүз бирдиги катары гана эмес, алардын контекстке, прагматикалык талап, максат-мүдөөгө жараша дайыма

кыймылда, өзгөрүүдө болорун, текстти синтаксистик татаал бүтүндүк катары кеп ишмердик процессинин өзү экендигин аныктаган.

Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгын төмөнкү концептуалдык ойлор түзөт:

- көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын маселелеринин жалпы тил илиминде, кыргыз тил илиминде изилденишинен алынган жыйынтыктарга карата диссертанттын өзүнүн жекече теориялык ойлорун билдириши, кыргыз тил жана адабият илимдерине бул багыттагы изилдөөлөргө жол көрсөтүлүшү;
- бул диссертацияда текст түзүүчү категориялардын уюшулушунун, көркөм тексттин аткарган көркөм-эстетикалык кызматынын жана коммуникативдик белгилеринин прагматикалык, логика-семантикалык, мазмундук табият-өзгөчөлүктөрүнүн конкреттүү факт-материалдардын негизинде системалуу иликтөөгө алынышы;
- автордун баяндоосунда окуянын мазмундук жүрүшү убактылуу токтоп, ага учурдагы кептин ортого кирип кетиши (кайталоолор же синонимдик катарлар) ретроспекция (өткөндү эске салган) же проспекция (алдын ала баяндаган) аркылуу уюшулушун анализдеши;
- кыргыз тилинде эки көлөмдүү чыгарманын материалында текст түзүүчү категориялардын толук планда талдоого алынышын максат кылган бул диссертациялык эмгекте авторлор тарабынан көркөм образдын темпоралдык түзүлүшүн түзүү үчүн кандай ретроспекциялык жана проспекциялык ыктардын кантип колдонулганы, анда кандай тилдик жана тилдик эмес факторлордун катышканы жана башка маселелерди системалдуу изилдөөгө алынышы;
- көркөм текстке эң жогорку деңгээлдеги система катары анализ жүргүзгөн бул илимий талдоодо, тексттин структуралык-семантикалык түзүлүшүнө коммуникативдик бүтүндүк катары баа бериши жана тексттин логикалык, грамматикалык, семантикалык байланыштар менен бириккен биримдик экенин аныкташы;
- жогоруда белгиленген диссертациялык иштин илимий жаңылыктарынын мазмунунда бир концепция камтылгандыктан, анын жаңы багыттагы изилдөө катары таанылышы.

**3. Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү.**

Кыргыз тилиндеги ретроспекция жана проспекция категориясы маселесин изилдөө максатын көздөгөн бул диссертациялык изилдөөнүн теориялык жыйынтыктары кыргыз тилинин текст таануу, тексттик лингвистика, тексттик категориялар, функционалдык коммуникация,

функционалдык стилистика ж.б. дисциплиналардын түшүнүгүнө байланышкан айрым маселелерди тактоого жана кеңейтүүгө, илимий нукта түшүндүрүүгө теориялык-методологиялык жактан өбөлгө түзө алат.

Изилдөөнүн максат-милдеттерине, багыттарына жана аспектилерине жараша көркөм текстти комплекстүү иликтөөдө, текстке лингвистикалык анализди азыркы аралаш илимдер – таанып билүүнүн теориясы, психология, коммуникациянын теориясы ж.б. менен бирдикте аныктаган интерлингвистикалык, экстралингвистикалык башталыштын биримдигин эсепке алуу менен интердисциплинарлык мамиле кылынган. Иште субьективдүү-семантикалык мейкиндиктин түзүлүшүн изилдеген семантикалык-дифференциялдык принцип жана сыпаттоо методу, анын талкуулоо, системалаштыруу жана жалпылоо ыкмалары, анализ, синтез, салыштыруу методдору колдонулган.

**4. Иштин практикалык мааниси.** Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясын иликтөөдөн чыккан натыйжаларды бардык изилдөөчүлөр (студенттер, магистранттар, аспиранттар ж.б.) колдоно алышат. Ретроспекция жана проспекциянын каражатын колдонуу принцибин билүү көркөм текстти жаратуучуларга жана аны редакциялоочу адистерге да эң керек. Филология адистиги боюнча “Текст таануу”, “Кеп маданияты”, “Стилистика”, “Тексттик лингвистика”, “Текстке лингвистикалык талдоо”, “Көркөм чыгарманы талдоо” сыяктуу курстардын мазмунуна иштеги факт-материалдар, натыйжа-тыянактар, жоболор пайдаланылса болот.

**5. Изденүүчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы.** Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын экстралингвистикалык негиздерин, грамматикалык жана көркөм убакыттын карым-катышынын теориялык негиздерин, учурдагы кептин убакыттын грамматикалык категориясынын баштапкы түшүнүгү экендигин (кыргыз тилинин материалында), көркөм тексттеги убакыттык катардын бузулушуна анализ жүргүзгөнүн, кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын деңгээлдик түзүлүшүн, тилдик айтылыштарын, алардын аткаруу функцияларын жана алардын бири-бири менен болгон карым-катышын, туюнтулуу өзгөчөлүктөрүн факт-материалдын негизинде системалдуу изилдөөгө алышы диссертанттын жеке салымы болуп эсептелет.

**6. Изилдөөнүн эксперименталдык жана көргөзмө материалдары.** Диссертацияда көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы түшүнүгүн ачып берген факт-материалдар кеңири пайдаланылган. Андай материалдын негизин Ч.Айтматовдун “Кылым карытаар бир күн” жана К.Жусубалиевдин “Муздак дубалдар” аттуу романдары түздү жана ал

чыгармалардын толук текстин түзүүчү категориялар болуп саналган ретроспекция жана проспекция категориясы функционалдык семантикалык-стилистикалык категория катары талдоого алынгандыгын да кошумчалоого болот.

**7. Изилдөөдөгү жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү.**

**1-натыйжа.** Жалпы тил илиминде жана кыргыз тил илиминде тексттик лингвистиканын көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын изилдениши илимий жактан негизделген, алардагы концептуалдуу көз караштарга, илимий адабияттарга талдоо жүргүзүү толук жана ишенимдүү.

**2-натыйжа. Жаңы.** Прозалык көркөм тексттин өзгөчөлүктөрү, көркөм текстке лингвистикалык анализ жүргүзүүнүн жолдору, методдору, грамматикалык жана көркөм убакыттын карым-катышынын теориялык негиздери, учурдагы кептин убакыттын грамматикалык категориясынын баштапкы түшүнүгү экендиги кыргыз тилинин материалында алгачкыдан болуп илимий негизде ишенимдүү аткарылган.

**3-натыйжа. Жаңы.** Көркөм тексттеги ретроспекция категориясынын мазмундук-маанилик деңгээли жана анын функционалдык семантикалык-стилистикалык категория катары мейкиндик түзүлүшү, ретроспекциялык тилдик айтылыштары, ретроспекция категориясынын аткаруу функциялары кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында диссертанттын өзүнүн жеке изилдөөсүнүн жана факт-материалдардын негизинде ишенимдүү аныкталган.

**4-натыйжа. Жаңы.** Көркөм тексттеги проспекция категориясынын мазмундук-маанилик деңгээли жана анын функционалдык семантикалык-стилистикалык категория катары мейкиндик түзүлүшү, проспекциялык тилдик айтылыштары, проспекция категориясынын аткаруу функциялары кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында биринчилерден болуп изилдөөгө алынган жана лингвистикалык-коммуникативдик багытта негиздүү жана ишенимдүү талданган.

**5-натыйжа. Жаңы.** Көркөм текстте ретроспекция жана проспекция категорияларынын бири-бири менен болгон карым-катышын жана ал категориялардын туюнтулуу өзгөчөлүктөрүн анализдөө негиздүү жана ишенимдүү ишке ашкан.

**8. Автор тарабынан алынган натыйжаларынын илимий-практикалык мааниси.**

Изилдөө ишинин башкы обьектиси катары эсептелген көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын лингвистикалык талдоого алынышы кыргыз тили илиминде өзөктүү маселелердин бири экендиги анык. Андыктан иштеги негизги теориялык жоболор кыргыз тили илиминдеги

актуалдуу жаңы изилдөөлөргө өбөлгө түзсө, ал эми анын практикалык мааниси ЖОЖдордо лекциялык курстарды, магистрдик, кандидаттык жана докторлук диссертацияларды жазууда илимий-теориялык материал катары кызмат кыла алат.

**9. Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо.** Изилдөө ишинин мазмуну логика-структуралык ырааттуулукка ээ жана андагы негизги концептуалдык өзөк иштин жалпы мазмунун түзүп турат. Ал эми иште көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясынын жаралышындагы негизги лингвистикалык процесстер жана алардын табиятын изилдөөдөн алынган тыянактар өз ара ички бүтүндүккө ээ болуу менен, иште коюлган максатка жана милдеттерге ылайык чыгарылган.

**10. Диссертациянын тилинин илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү.**

Изилдөөчүнүн баяндоо стили илимий стилге коюлуучу бардык негизги талаптарга жооп берет. Атап айтканда, теориялык маселелердин табиятын сыпаттоодо далилдердин, аргументтердин ынанымдуулугу, ар тараптуулугу өңдүү параметрлердин сакталгандыгын, ошону менен эле бирге орфографиялык, пунктуациялык жана техникалык ката-мүчүлүштүктөрдүн жокко эсе экендигин белгилөөгө болот. Мындан тышкары, диссертациялык иштин мазмундук өзөгү анда коюлган башкы максатка, конкреттүү милдеттерге жана коргоого коюлуучу негизги жоболорго ылайык ырааттуулукта каралгандыгы иштин логика-структуралык ички биримдикке ээ экендигин айгинелейт.

**11. Сын-пикирлер жана сунуштар.** Эксперт катары диссертациялык иш боюнча айтылган сунуш-кеңештер диссертант тарабынан эске алынган. Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын **“Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы”** деген темада жазылган диссертациялык ишине түзүлгөн квалиметрикалык матрица

| № | Баалоо параметри | 10 | 9 | 8 | 7 | 6 | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Актуалдуулугу | + | | | | | 10 |
| 2. | Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы | + | | | | | 10 |
| 3. | Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү | | + | | | | 9 |
| 4. | Иштин практикалык мааниси | | + | | | | 9 |
| 5. | Изденүүчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | кошкон салымы. | + | | | | | 10 |
| 6. | Эксперименталдык жана көргөзмө материалдары | + | | | | | 10 |
| 7. | Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү | + | | | | | 10 |
| 8. | Автор алган натыйжаларынын илимий практикалык мааниси | + | | | | | 10 |
| 9. | Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо | | + | | | | 9 |
| 10. | Тилдик илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүгү | + | | | | | 10 |
| | **Жалпы** | | | | | | **97** |

Жыйынтыктап айтканда, Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын «Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы» аттуу диссертациялык эмгеги илимий изилдөө жагынан толук бүткөн, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берген эмгек деп эсептелет. Анын автору Н.А.Бийгелдиева 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептейбиз.

**Биринчи расмий оппонент,**
**филология илимдеринин доктору, доцент:** **Ормонбекова А.О.**

**11.03.2025.**

r32dm

Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ж. Абдрахманов көчөсү, 144 үй

Жалган куран айынын он тогузу эки миң жыйырма бешинчи жыл

Жалган куран айынын он тогузу, 2025-жыл, мен, Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарына караштуу нотариалдык конторасынын жеке нотариусу, Байзакова Диана Тунгучпаевна, жаран Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековнанын коюлган колунун аныктыгын ырастайм.

Кол менин катышуумда Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековна тарабынын коюлду. Документке кол койгон адамдын инсандыгы такталды.

Тизмеде катталды № 192-2025-3539091

Мамлекеттик алым 100 сом

Юридикалык жана техникалык кызматтар 300 сом

Нотариус ______________

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ

Дата: 19.03.2025, 10:29:19

ФИО: БАЙЗАКОВА ДИАНА ТУНГУЧПАЕВНА

Документ подписан нотариусом